**Сайпидинова Н.**

# Алданган сезим



**Рисунок 1**

**Каракол-2016**

УДК 821.51

ББК84Ки7-4

С14

Редактор: филол.илим. док., профессор,
КР Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү
Үсөнбек Асаналиев

Сайпидинова Назгүл
С 14 Алданган сезим./ К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамл. ун-т. Каракол:2016.-32б.

ISBN 978-9967-454-87-3

Н. Сайпидинованын "Алданган сезим" аттуу жыйнагына турмуштун бир үзүмүнөн гана алынган окуяларды чагылдырган, адамдагы аялуу сезим сүйүү, алдануу, жоготуу тууралуу жазылган аңгемелер жана публицистикалар киргизилди.

С 4702300100-16 УДК821.51

ISBN 978-9967-454-87-3 ББК84Ки7-4

Сайпидинова Н.,2016.
@ К.Тыныстанов атындагы ЫМУ,2015

## Чыгармачыл сапарың байсалдуу болсун!

Калем кармап адабият дүйнөсүнө аралашкан адамдын чыгармачыл тагдыры да бириникине бири окшобой миң салалуу жолго түшөт. Талант менен эмгек айкалышканда гана мезгилди багынткан түбөлүктүү чыгармалар жаралат.

Жаш калемгер Назгүлдүн аңгемелерине көз кырымды салсам, андан назик лиризм, чынчыл үн угулуп турду. Нагыз турмуш чындыгынан алынып жазылган көркөм чыгарма да турмуштун өзүндөй жасалмасыз, жугумдуу болот. Назгүл аңгемелеринде кичинекей гана турмуштун жагдайларын айтканы менен, кеп андан жыйынтык чыгара билгендигинде. Жан дүйнөсүн жарып чыккан саптардан аял затына таандык сыпайылык, сабырдуулук сезилип, окурмандын кызыгуусун арттырат.

“Көрө-көрө көсөм, сүйлөй- сүйлөй чечен болот”- дегендей Назгүлдүн кийинки жазган аңгемелеринин тематикасы да, философиялык тереңдиги да кеңейет деп ишеним артабыз. Изденүү, классиктерди окуу, түйшөлүү азабы, эргүү, табуу өңдүү чыгармачылыктын кууралын, азаптарын тартууң керек.

Кыргыз адабиятында өз орду бар аңгемелерди жазышыңа дараметиң жетерине ынанып, чыгармачыл сапарың байсалдуу болушун каалайм.

Үсөнбек Асаналиев, КР Улуттук
жазуучулар союзунун мүчөсү

## Апама кат

Эненин мээрими Теңир-тоодой бийик, Ысык-Көлдөй ыйык. Эне жөнүндө айтсаң да жазсаң да сөз бүтпөйт. Ушул саптардан кийин алыстагы апама кат жазууну туура көрдүм. Алтыным, апам эмне кылып жүрдүң экен? Күнүмдүк аялзатынын бүтпөс жана эч бааланбас жумушу менен алексиңго? Таң эрте туруп уйларды саап жатсаң, каймак сызгырып май куюп балдарыма жиберсем, нан бышырып жатсаң балдарымдын курсагы ток болсо экен деп, кудайдан алардын амандыгын тиледиңго.

Түндөсү жаман түш көрсөң, жакшылыкка жоруп балдарымдын ден-соолугу бекем болуп, жамандыгын көрбөсөм экен дегендирсиң. Кээ күндөрү санааң санга бөлүнүп, түн уйкуң качып, ар бирибиздин кыял жоругубузду көз алдыңдан чубурткандырсың. Сай-сөгүң сыздап сагынгандырсың. Ар бир убараңды актай алаар бекем апаке?-дегенимде каңырыгым түтөп, үнүм дирилдейт.

Өткөндө барганымда саамайыңа ак аралап, жүзүңө бырыш чегелептир эле. Жаз сайын бир жылга картаясың апаке. Колумдан келсе эч картайтпас элем. Атаганат жаратылыш ушундай турбайбы. Деги дениң сак, өмүрүң узун болсо экен деп күнү кур эмес кудайга жалына берем. Турмушумдагы ар бир окуяларымда апам да кубанса деген ойлорум да ар дайым жүрөгүмдө. Кайгырсам муну укпаса экен деп шаштым кетет.

Студент кезимдин алгачкы күндөрүндө- «Апа, сени сагындым, айылга кетем, окубайм»-деп көз жашымды көлдөтүп кат жазганым эсимде. Ошондо да кайраттуу-«Сен билим алышың керек, сени окутуу менин энелик милдетим, мен ар дайым эле сенин жаныңда жүрө албайм, жашоо турмуш ушундай уланат»-деп жазыпсың. Сен жазган ар бир сүйлөм мага күч кубат берип, университетти ийгиликтүү аяктагам. Бул да болсо эненин чеги жок мээриминин жыйынтыгы дээр элем.

Эне деген атыңды бийик тутуп, ак сүтүңдү актоого ар дайым аракет кылам. Эч убакта беделиң төмөн түшпөй, алпештеп багып өстүргөн балдарыңдан жакшылык, үзүр көр АПА!

Саламым менен кызың
Назгүл Сайпидинова.
Каракол шаары.

## Балта чабылып бараткан тагдырлар

Каракол шаарындагы чоң базардын жанында жашаганыма бир топ жылдын жүзү болду. Күнүгө эртели-кеч ошол базардын жанынан өтөм. Ар күнү ар түркүн адамдарды көрүп, ар кандай окуянын күбөсү болом. Ошол

адата үйүмө бара жатып көргөн окуя мени абдан түйшөлттү. Базарга жетпей кичинекей баланы көрдүм. Колуна «Супер-момент» деп жазылган клейди целлофан баштыкка куюп жатыптыр.

Оюма мындан бир топ жыл мурдагы бир окуя кылт дей түштү. Анда Бишкек шаарында бир татардын үйүндө батирде турчубуз. Кожоюнубуз 60 тан ашып калган адам эле. Күнүгө эртең менен эрте чыгып кетчү. Түшкө маал көздөрү ала-чакмак тартып отурчу. Бир маалда сөөрүдө уктап жатканын көрчүбүз. Оюмда күнүгө эле иче береби деп жийиркенчимин.

Ошентип күз келип бак-дарактардын жалбырыгы түшүп, сөөрүнүн үстү даана көрүнүп калды. Чатырда жалаң «супер-моменттин» бош идиштери чогулуптур. Көрсө кожоюн клей жыттап мас болчу турбайбы. Ошол окуя эсиме түшүп, баягы баланы тиктеп туруп калыптырмын. Ар кайсы жери тешик баштыкты түйүп да үлгүрүп, клейди куюп да бүттү. Ыңгайлана отуруп жыттай баштады. Жүрөгүм тилинип сыздап жатты.

Эх, дедим, ата-энең жок го, же алар да арактын айынан сени ташташтыбы, кандайча селсеяк болуп калдың, сенин келечегин кана?-деп эрдимди тиштегилеп турдум. Жанына кандай жеткенимди билбейм.

-Ай бала, бул эмне?-деп каңырыгым түтөп сурадым.

-Клей,- деп кыска жооп берди.

-Эмне үчүн жыттап атасың?

-Кайф,- деди.

Башка эч нерсе кулагыма кирген жок. Жашы 10-12ге толгон баланы көпкө тиктеп туруп, анын энесинин алдейлеп бакканын, там-туң басса жетелегенин, ичи эзилип эркелеткенин, кудум өзүм көргөндөй көз алдымдан чубуртуп элестетип жаттым. Биздин кожоюнубуздун өсөөрү калган эмес, кемпири да өлүп калган, балдары да анда-санда келишчү. Анын арманы күч болчу, бул кичинекей балачы?-деген оюмду:

-Эже, бир сом бериңизчи-деп жанымда турган баланын чаңкылдаган үнү бузду.

-Эмне, бир сом дейсиңби? Кийимдери жыртылган, башынан бутуна чейин кир болгон балага боорум ооруп чөнтөгүмдөгү майда акчаларды берип жатып эсиме келгендей болдум. Сапарымды улап, балким бул бала дагы «супер клейге» акча топтоп кайырчылык кылып жүрбөсүн деп артымды карадым. Бир топ узап кетиптирмин. Бала жолунан чыккан ар бир адамдан кайырчылыгын улап элес-булас көрүнөт.

Ошондон бери «кайф» деп кумарланган баланын элеси көз алдымдан кетпей, түркүн ойлор жадымда жашайт. Баланын организми ошол «кайфты» күндө талап кылса кантет? Акча таппай калса ууру кылабы? Анын келечегин, ден-соолугун ойлогон, ошол «кайф» дегени өмүрүнө балта чаап жатканын түшүндүргөн адам барбы? Эми көрсөм, чындап эле ата-энесин, бир туугандарын сурап, жок болсо балдар үйүнө киргизүүгө же

дарылануга жардам берем деп күнүгө үйүмө келе жатып издей берем. Бирок…

## Чоң энем

Мен анда кичирээк кезим. Биздин айылда башталгыч гана мектеп болгондуктан окуумду улантуу үчүн коңшу айылдагы атамдын инисинин үйүнө жатып окумай болдум. Мен эки үйдүн эркеси болчумун. Дегеним мен эң улуу небере болгондуктан чоң энем менен чоң атам кичинемден чоңойтушкан. Чоң атам каза болгондон кийин биз  чоң энем экөөбүз өз атамдыкына көчүп келдик. Себеби энем экөөбүздүн мал- сал кароого алыбыз жетчүдөй эмес. Атам бул акыбалдан чыгуунун жолун ушундай чечкен.

Ошентип мен агамдыкына жатып окуп калдым. Энем келип, кетип турат. Атам менен апам да келип кем-карчымды, окууга болгон жетиш-катышымды көзөмөлдөп турушту. Өзүм да жума сайын болбосо да эки жумада бир үйүмө барып турчумун. Күндөрдүн биринде энем келип калды. Мен конуп кетчи-деп суранып турдум, макул болуп калып калды. Кечинде баарыбыз чогулуп кечки тамакты ичип бүтүп калганбыз. Агамдын уулу Дамир мен сабак окуп отурган столдон китеп-дептерлерди чачып, карандаш, сызгычты алып мага тийише баштады. Мен ордуна кой деп артынан жөнөдүм. Биз отургандарды айланып кубалашып калдык. Ооба ал менден бир аз кичүү, анан абдан тентек эле. Ошентип чуркап жүрүп чалынып  жыгылып  кетти. Байкем тура калып мени көмөлөтө бир койду. Башым менен жыгач керебеттин кырына тийдим. Чекем томпоюп чыкты. Башымдын катуу ооруганынан жана эч күнөөсүз таяк жегенимден ызаланып,  озондоп ыйлап коё бердим. Агам кызуу экен. Мага карап:

-Жаш-ш-абагыр, кичинекей балага теңелип, сага акыл качан кирет?- деп жанымда туруп дагы тап берип жатканда оозунан ачкыл даам бур этти. Чоң энем күйпөлөктөп ортобузга жетип келди. Мен озондоп ыйлап жатсам, ары жактан жеңем:

-Ай болду, чоң эле кыз, өңгүрөйсүң го, баланы ойготосуң-деп кыпчылып калды.

Чоң энем мени ордумдан тургузуп жатып:

-Болду ыйлаба, садага болоюн, агаң кызуураак турбайбы, аны көңүлүнө алба, сен акылдуу кыз эмессиңби, болду эми өпкө- өпкөңө батпай солкулдап калдың, эртең мектепке барсаң башың да ооруп калат- деп бооруна кысып эркелетип да сооротуп да жатты. Анан бир маалда:

- Ченебей чааптырсын. Балага да ушундай мамиле кылабы? Чекеси да томпоюп калыптыр, шишибесе, көгөрүп калбаса болду эми- деп агама сүйлөндү. Агам болсо:

-Ушул кызды чоңойгончо эле эркелете бересиңби, жакшы мамиленди бул түшүнмөк беле, сенин күйүп бышып атканыңды бул билбейт, чекеси томпойсо эртең айыгат, эч нерсе болбойт, -деп корс этип койду. Энем болсо:

-Аа, балам ай, небере эмес ичимден чыккан өз балам сен билдиңби менин убарам, ал менин энелик убарам, Силер балдарым мага баарынар бирдейсиңер да, балдар урушат талашат, кайра эртең ойноп калышыт, Сен минтип болуша берсен бул кызды батырбаган болосуң- деп айтып, ичинен таарынгандай болду.

Энем мени койнуна алып жатты. Кучактап алып, ыйлабашымды өтүндү. Сен акылдуу кызсың да-деп, эртең жума экен, ишембиде атандыкына барганда атам менен апама болгон окуя тууралуу айтпашымды суранды. Атан да, агаң да менин балдарым, мен алардын бирин ала, бирин була көрбөйм. Сенин айыңдан алар бири-бири менен мамилелери бузулуп калышын каалабайм. Ошондуктан сенин унчукпай калганың эле жакшы деди. Мен чынында ичимде толгон букту атам менен апама барып айтып чыгарууну ойлоп турганымды энем билип калгандай болду. Мен дагы эле солкулдап ыйлап жаттым.

Энем:-Болду кызым ыйлаба, эртең башың ооруп, көздөрүң шишип калат, сен келечекте кабарчы болом дейсиң, кабарчы болчу адам мектептен калбай окуш керек –деп, эртең менин мектепке баргым келбей турганын да билип алды. Мен энемдин агама болушуп атканына, калыстык кылбай жатканына таң калдым.

-Эне,-дедим- Эмнеге Дамирди урушкан жоксуңар? Ал биринчи баштабадыбы, өзү жыгылбадыбы, мен аны түртүп жиберген жокмун да, агам мени дайыны жок жерден баласына болушуп томолото чапты го, аныкы туура эмес да- деп ичимдеги ызамды айттым.

-Ооба, ал кичине эмеспи, анын үстүнө агаң кичине кызуу экен. Эми кечиримдүү бол, мен жанында турам го-деп алдап жатты.

-Эгер сен жок болгондо мени дагы урат беле, менин күнөөм кайсы?-деп ызааланып турдум.

-Болду эми каралдым, ызаланып турганыңды түшүнүп турам, бирок кечиримдүү болушуңду суранып жатпаймынбы, кой антпе, укта, эртең баарын унутуп каласың,-деп койнуна бекем кысты. Мен энемдин жүрөгүнүн ушунча бат-бат дүкүлдөп согуп жатканын угуп жаттым. Уктай албадым. Энем да уктабай, анда-санда акырын үшкүрүнүп жатты.

Агамды да жеңемди да, алардын баласын да жек көрүп турдум, бирок ичимде аяоо сезимим энемде болду. Энем балдарынын урушуп же бири-бирин жек көрүп калат деп ойлоп жатканына таң калдым. Калыстык деген кайда? кызык ушулар-деп өзүмдүн оюмдан чыга албадым. Агам өзүнүн баласын да урушуп койгондо эле мен мынча ызаланбайт элем. Жок дегенде жеңем,“эне” го,-Кой, анча катуу чаппа да, балаң да тентек эмеспи деп койгондо балким мен кечирим сурайт белем? Энем байкуш баласына гана айта алды, келинине эч ооз ачпады, Дамирге да унчуккан жок. Ушул ойлор башымдан чыкпай жатты...

## Тун сүйүүнүн арманы

(новелла)

Ошол жаңы жылды тосконубуз дале эсимден кете элек. Анда студенттик жылдар. 10-жатакананын 4- кабаты. Биздин бөлмөбүз күнгө бет болуп кышкысын да абдан жылуу эле. Айрым күндөрү китепканага барабыз деп келип жылуу бөлмөдөн чыккыбыз келбей, бүгүн үйүбүздөн эле даярданалы деп калып калчубуз.

Бөлмөдө төрт кыз жашачубуз. Эки кызыбыз жаңы-жылды үйлөрүнө ата-энелери менен тособуз деп кетүүнүн камында эле. Курбум Айнура экөөбүзгө жатаканада жашаган Бакыт аттуу жигит капыстан жолугуп:

-Кыздар, жаңы жылды кайда тосолу деген планыңар бар?- деп сурап калды. Айнура экөөбүз:

- Биз бул жакта калабыз-деп чогуу жооп бердик.

-Оо, анда жакшы, каршы болбосоңор бирге тосолу.

Ошентип биз жылуу бөлмөбүздөн эле тосмой болдук. Жаңы жылга тосууга камдана баштадык. Айылдан апам берип жиберген, сары май, каймак, жаңы жылга деп сактап койгон койдун төш этин чыгарып плов басмай болдук. Айнура көлдүк кыз болгондуктан, вареньелерин, алмаларын, кургатылган өрүктүн кактарын жайнатып койду. Бөлмөбүздү иреттеп, балаты коздоп, дасторкон даярдай баштадык. Болгон тамак ашыбызды жайнатып ысык тамак жасаганга өттүк. Эмнегедир жүрөгүм алып учуп өзүмчө эле толкунданып жаттым. Айнура эч нерсесин билдирген жок. Мен бүгүн баары дайын болот деп ишенимдүү жүрдүм. Же мен же ал дедим. Жок мен эле… Мунумду Айнура билип койгондой болду.

Бакыт бизден эки курс жогору окучу. Абдан таланттуу, ыр жазган, чогулуштарда улам жаңы идеялер менен трибуналардан түшпөгөн, сабактардан жакшы окуп, айрым учурда кийинки курстарга, өтүлгөн сабактар боюнча өз ой-пикирин айтып береер эле. Өзүн тыкан алып жүргөн, жылдыздуу, чечкиндүү жигит эле. Аны Айнура экөөбүз тең жактырабыз. Бирок, экөөбүз тең жөн гана сыртынан жактырган адамдардай болуп сыр бербейбиз. Бакыт Айнура экөөбүзгө тең бирдей мамиле жасайт. Бирок кимибизди жактыраары биз үчүн эң чоң табышмак. Аны көргүбүз келип, көрсөк өтө сылык учурашып, ал жайыбызды өтө сыпайы сурашчу элек. Бир жыл ушундай мамиледе жүрдүк. Аны менен былтыркы жаңы жылда университеттин карнавалдык кечесинен таанышканбыз. Быйыл минтип жаңы жылды чогуу тоскону жатабыз.

Бөлмөбүздө дүйүм тамактардын жыты келип, улам бизди тамшандырат. Күткөн адамыбыздын келчү убактысы жакындабай, Айнура экөөбүз дубалдагы сааты улам-улам карайбыз. Ушул маалда Айнура чочугандай: «Өзү жалгыз келбей, досторунан бирөөсүн ээрчите келсе экен ээ», деп жиберди. Мен ичимен тызылдай түштүм, …сен жалгыз калбай тигиниси менен… деп айтып ийбесе экен деп. Бирок, ал унчуккан жок. Мен да сыртымдан сени менен… деп айтууга камдангансып өзүмдү зорго токтоттум.

Айнура абдан жакшы кыз эле, экөөбүздүн достугубуз биринчи курска тапшырып жүргөн кезде башталган, кийин айыл чарба жумуштарына баргандан бекемделди. Экөөбүздүн оюубуз туура, ар дайым

бир жерден чыгат. Кийимге болгон табитибиз да бирдей. Кыздар экөөбүздү өңүбүздөн да үнүбүздөн да аябай окшоштурушчу. Ал эле эмес минтип экөөбүз бир жигитти жактырганыбызды карасаң.

Бакыт келчү убакыт жакындап, Айнура экөөбүз душка кирип чайканып, жакшы, жаңы кийимдерибизди кийип, бири-бирибизден өзгөчөлөнүп жаттык. Мен да, Айнура да жап-жаңы, бири-бирибизге көрсөтө элек кийимдерибизди кийдик. Чачтарыбызды барпыратып жасадык. Эх чиркин, Бакыт бизди абдан күттүрдү го.

Мына, мына эшик такылдады. Айнура экөөбүздүн толкунданганыбыз ай. Меники бетиме тээп чыкты. Эшик ачылып Бакыт кирди. Колунда совет шампаны, торт, анан роза гүлү.

-Келе жаткан жаңы жылыңар менен сулуулар!-деп тортту мага, шампанды Айнурага сунду. Ичимде гүлдү кимге берет деп чыйпылдап жаттым. Айнура оң тарапта тургандыктан ал оң тарапка басты. Жүрөгүм лакылдап, кулагыма шуулдаган үн угулуп, “мага бер”- деп чуркачудай болдум. Бакыт экөөбүздүн ортобуздан өтүп, вазага гүлдү салып, дасторкондун дал ортосуна коюп:

-Эмне болду, кыздар? Эмне прическам жакпай калдыбы?-деп сурап, келгиле учурашалы,-деп бетибизден өөп койду. Мени биринчи өптү. Алып учкан жүрөгүм эми токтогондой болду.

–Абдан сулуу болуптурсуңар, оо-о, дасторконуңардын берекелүүсүчү. Сонун, сонун болуптур мен ушундай элестеткем. Келгиле! Сулуулар дасторконго отуралы.

Ким эмне жөнүндө ойлоп жатты билбейм. Мен үчүн саат токтоп калгандай улам убакытты санай бердим.

Бири-бирибизге жаңы жылдык каалоолорду айтып, кыялданып, ырдап, музыка коюп бийлеп, күлүп отурдук. Ар бир мүнөт алтындай кымбат болуп, көңүлгө кыттай уюп жатты. Бакыт Ала-Тоо аянтына барып келүү сунушун айтты. Кийинип көчөгө чыктык. Бакытты Айнура экөөбүз эки жагынан колтуктап алганбыз. Анын сүйлөгөн сөзүнөн, күлгөн күлкүсүнөн, баскан басыгынан баары биз үчүн жакут таштай жалтылдап турду. Аянтта адамдар абдан көп, көбү эки-экиден, биз үчөөбүз. Аянттан Бакыт тааныштары менен кезикти, алардын арасында кыздар менен кезиге

калганда Айнура экөөбүз тең кызганып жаттык. Өтө коооздолуп жасалган балатынын жанынан сүрөткө түштүк.

Ошентип, жаңы жылга саналуу гана мүнөттөр калганда кайра бөлмөбүзгө келдик. Жаңы жылды шампан аттырып, «Кел жаңы жылды» ырдап тостук.

Кызык эми башталды, Бакыт Айнураны жактыраарын айтты. Мага карындашым, сен абдан акылдуу кызсың деп бетимден өөп, вазадагы розаны колума карматты. Розанын тикенектери мыкчылган колумду сайгылаганын сезбей, дүйнөм куруп турду. Жаңы жылды тоскон кубаныч бир тең Бакыттын сүйүүсү Айнура үчүн экени бир тең болуп турду. Сыртымдан билдирбегеним менен ичимден ыйлап жаттым. Күн бүтүп калгандай сезилди. Бул жаңы жыл мен үчүн кыш ызгаарындай муздак болуп, ичиркентип койду. Оюмда мен деле үйүмө ата-энемдин жанына кетип калсам болмок экен деп ойлодум. Бакыттын күлгөндөрү, сүйлөгөндөрү орунсуз көрүнүп, жек көрдүм, жакут таштар талкаланып, алтындар ыксыз чачылып жерге кирип житип жок болуп жатты.

Айнура сен мен үчүн жок адамсың. Менин алгачкы, тун сүйүүмдү тартып алдың-деп жек көрүп турдум. Ошол маалда Бакыт Айнураны өз бөлмөсүнө чакырды. Алар, бактылуулар бөлмөдөн чыгып кетишти. Биздин бөлмө ичиркенткен суук, аңгырап ээн болуп турду.

Баары кызыксыз көрүнүп, керебеттеги жуурканды ачып кийимчен уладым. Эмнеден жаздым… мен ичимдеги ой-мүдөөмдү, сезимимди тышка чыгарып койгон окшойм. Чүмкөнүп алып жалгыз бөлмөдө ыйлап жаттым. Ыйлап жаттым…

**«Алданган сезим»**

-Апа, - деп бакырып жиберди ал, келген жеринин тегерегин каранып, көргөн көзүнө ишенбей турду.- Үнү чыгып атпады беле, бирөө жарым деле жок эле, кандай болуп калды? Жок, мындай болушу мүмкүн эмес эле- өзүнө-өзү жообу жок суроолорду берип жатып, айланасын дагы бир ирет тегеренип карап, кулап түштү.

***

Жайлоонун салкын абасынан дем алып, келечек, окуу, сүйүү жөнүндө кыялданган кыз, узун чачын желге желбиретип, көздөрүндө наз толгон кирпиктерин ирмебей жанында отурган классташын карап турганы менен оюнда Аскатты ойлоп жатты. Ал узун бойлуу, коюу кара каштуу, келбетүү жигит эле. Ага мектептеги кыздардын көбү ашык. Ал күндө бирөөнө жакшы сүйлөгөнү менен баары бир мени жактырат деп- ойлоп жатты. Эгерде жактырбаса мындай сылык мамиле кылбайт эле да, кучактады-илебиндеги жылуулуктан мен күйүп турдум. Көздөрүмдөн өптү-менин дене боюм балкып кетти. Эгерде мени сүйбөгөн болсо менде андай сезим пайда болбойт эле- деген кыздын жүрөгүнө уурданып кирген сезими аны тумандаган ойлорго жетелеп жатты.

Шерзат болсо жанында көздөрүн ирмебей карап отурган Гүлзар классташын жактырат.

- Келечекте, макул болсоң борборго чогуу барып окуйлу, Сен каалап тапшырганы жаткан факультетиңдин жанында мен окуй турган факультеттин жатаканасы болоорун апам айтып жатат. Буюрса окууга өтүп кетсек, бири-бирибизден алыс болбойбуз. Мен ушуну гана ойлонуп отурам. Сен эртеден бери менин бир да суроомо жооп берген жоксун, буга чейин канча суроо узатсам да баарын кийинкиге жылдырып келдиң, айтчы деги сенин окуй турган максатын барбы? Борборго барып окууга тапшырасынбы? Же чындап эле казан-аяк окуу жайын тандап алдыңбы?- деп чебеленди Шерзат. Гүлзар мыйыгынан күлүп,

-Бардык нерсенин буюрган убактысы болот. Көрө жатарбыз.

–Ал эмне дегенин, эртеден берки кыялдарымдын баарын быт-чыт кылып айткан жообуң ушулбу? туура сен бир аз айнып баратасың, бир ай мурда эле сен такыр башка кыз болчусуң, азыр башкасың!- колундагы жерден жулуп алып кармалап отурган чөптөрдү жини менен ушалап ыргытты.

-Апей, эмне, мынча ызырынып, барам да окууга, аны күндө айта берүү менен эле окуп калабызбы? Буюрганын көрөбүз дегеним ошо да.

-Ошондой болсо да менин кыялдарыма, ойлоруma жооп бербей эле,- ии, анан, көрөбүз, эми болсо буюрганы-деп атсаң жинденем да- деп Шерзат чыныгы ачуусу келип жатканын билдирди. Гүлзар болсо ага эч бир реакция кылбастан, Аскат экөөнүн өткөн жумада классташтары менен

райондук борборго барып, парк аралап жүрүп автобустан кечигип калышып, кошуна айылга чейин бир машине менен келип, дагы кайсы машинени күтүп отурмак элек, андан көрө эрмектешип, сүйлөшүп жөө баса берели деген сунушу менен ар нерселерди сүйлөшүп, каткырып күлүп, жаштыктын таттуу кыялдары менен айылга жетип калышканын да билишкен эмес. Айылга келгенде катуу күүгүм кирип,

-Бизди эч ким деле байкаган жок. Жүрү, айылдын четиндеги бакка барып сүйлөшүп отуралы. Мен үйүңө анан жеткизип коем- деген Аскаттын сунушун Гүлзар четке кага албай,

-Апам кайда жүрдү?-деп сарсанаа болот ко-деп гана  ооз учун кыбыраткан. Түшүндүрөсүн, автобуска батпай калдык, кечиктик, кыскасы болгон чындыкты айтасың да чынбы?- деген. Ооба-дегендей башын ийкеп, анын жетелеген колунан колун эч койбергиси келбей макул болгон. Алар түндүн бир оокумуна дейре эмне жөнүндө сүйлөшүп отурушту. Бирок келечектеги  окуу жөнүндө, бири-бирине жакын жатакана жөнүндө эмес. Болуп өткөн окуялар жөнүндө. Бир жолу анын  дагы райондук борборго барып, автобустан кечикпей эле атайын 9-класстагы кызды автобус бүгүн келбей калыптыр деп алдап, ал кыз болсо  ишенип, башка эч кимден сурабай эле, -анда Мен туугандарымдыкына барып конуп алайын- деп кетип калганын эскерип, аны шылдыңдап каткырып күлүшкөн. Анан…алданган сезим.

Апасы урушту. Апасы да ыйлады, кызы да ыйлады…

Шерзат борбордо жогорку окуу жайында окуп жатат. Ата-энесине кат жазыптыр, -шаарга көнүп калганын, группанын старостасы болгонун, жакшы балдар менен достошуп, бир бөлмөдө жашаарын кабарлаптыр.

Аскат болсо кошуна айылдагы бөлөсүнүн кызына үйлөндү, болгондо да кол менен барып алып келишкен. Ата-энеси чоң ата, чоң энесинин өмүр бою мал багып жүрүп ооруп, айылдын абасы жакпай, аларга  шаардан үй алып беришкенин, каралашаар эч ким болбогондуктан  Аскатты үйлөнткөнүн райондун борборунан доктурдан чыгып келе жатып автобустан жанындагы аялга  Аскаттын апасы айтып жатканын Гүлзар өз кулагы менен уккан. Дагы башка сөздөрүн уга албай жүрөгү айланып автобусту токтотуп кусуп келген. Автобустагы аялдар-Гүлзар ашказаны

ооруп быйыл окууга барбай калды дешти эле. Доктурдан чыгып келе атканына карабай акыбалы дагы эле жакшы эмес окшойт-дешкен.

Апасынын айтканына көнбөй Гүлзар да шаарга келген. Ай күнү жакындап калганына карабай иштеп жүргөн. Түндө толгоосу башталып жумуштагы кожоюн аял доктурга жеткизип келген. Таң ата электе баласын алып, качып чыгып таштандылар төгүлгөн жерге келип таштап артын карабай чуркап кеткен. Бирок… бирөө башка катуу чапкандай ордуна токтоп, -кыштын суугуна тоңуп калсачы, иттер келип тытмалап кетсечи-деген жүрөктү титиреткен суроолор анын жанын тынч койбой кайра артына кайрылган эле…

## «Күтүүсүз кездешүү»

Мен жаңы кызматка келгениме эки жылга тайып калды. Кесиптешим Кымбат эже менден беш алты жаш улуу. Ал абдан адамкерчиликтүү, жөнөкөй, өз ишине так. Ал эми өзү жөнүндө айтсам өтө келишимдүү, жарашыктуу кийинген, маңдайы жарык, ажарлуу эже. Мен иштеген эки жылдын ичинде анын иштеген ишинин өзү үчүн үзүрлүү, башкалар үчүн үлгүлүү экенин да көрүп жүрдүм. Кесиптештер арасында жетекчилик тарабынанбы, министирлик тарабынанбы? ар кандай сыйлыктар белгиленсе эле Кымбат эжени көрсөтөлү,-деп кесиптештерибиз бир добуштан колдоп калышчу.

Кымбат эжемдин пейили да кенен болгондуктан баарыбызды чогултуп, алган сыйлыктарын майлап- жуушуп эле жатып калабыз. Үйүндө эки кишинин башын кошуп чай берсе деле, балдарынын туулган күнүбү же чоң той берсе деле дасторконун жайып эжебиз баарыбыздын көңүлүбүздү ачып калат.

Күндөрдүн биринде эже мени үйүнө чакырып калды. Бир жолу кыйылып жумуштарым көп эле деп барган эмесмин. Экинчи жолу чакырганда эженин сыйлап турганына баалана алган жокмун. Макул деп балдарына таттууларды, суусундуктарды алып жөнөп калдым.

Кымбат эжем дасторконуна түркүн даамдарды коюп, салаттын жаңыларын жайнатып, күтүп отурган экен. Үйгө кире бергенимде келишимдүү эки өспүрүм бала, татынакай кыздар:

-Эже келди,- деп астымдан тосуп чыгышты. Алар менен учурашып, эженин тарбиялаган уулдары, эжемдей болгон сулуу кыздары экенин дароо баамдадым. Бири колумдагы баштыгымды алышса, бири үстүмдөгү курткамды алып,

-Үйгө кириңиз, биз Сизди күтүп жатканбыз- десе, кичинекей Ажар аттуу кызы:

–Биз атамды да күтүп жатабыз, ал азыр келет-деп божурап калды. Ичкериден Кымбат эжем ысык тамактын камын көрүп жүргөн шаанисинде:

–Кел, төргө өт-деп баарылап эле мени тегеректеп калышты.

- Рахмат, эже! Башка конокторуңуз жокпу? Же кечигип жатышабы?- деп удаа-удаа суроолорумду берип жибериптирмин.

-Кечигип жаткан эч ким деле жок, Атабыздын жумуштан бошооруна жарым саат убактысы калды. Буюрса азыр келип калат. Мен сени балдарым менен, атабыз менен тааныштырайын дегем, анан сүйлөшүп отуралы деген эле оюм менен башка эч кимди кошкон жокмун-деди эжем жумуштагыдай эле мээримдүү мүнөзү менен.

-Ой-ой мага ушунча дасторкон жайдыңызбы? Убара болбой эле койсоңуз болмок-деп ыңгайсыздана түштүм.

-Эч кандай убара деле болгон жокмун, кыздарым жардамдашып, уулдарым колдоп дегендей, чогулуп дасторкон жайдык, кана жогору өт- деп уулдары, кыздарынын атын айтып тааныштырып калды. Мен азыр келем, ага чейин сүйлөшүп отура тургула- деп ашканага чыгып кетти. Улуу уулу Сыймык,

- Эже отуруңуз, мен чай алып келейин Акылай карындашым куюп берет- деп сыйга өттү. Ушул маалда кичинекей Ажар:

-Эже, Сиз атамды тааныйсызбы? Ал азыр жумуштан келет, Мен атамды аябай сагынып кеттим.

-Жок, мен таанывайм, эгерде азыр келип калса таанышабыз.

-Атам айрым күндөрү жумуштан кармалып калчу эле, бирок бүгүн эрте келет-деп Акылай чай куюп жатып биздин маегибизге кошула кетти.

-Биз Сизге үй бүлөлүк сүрөт альбомубузду, атамдын айылдагы ардактап сыйлаган чоң-аталары, агаларынын сүрөттөрүн, ошондой эле Ардак иним тарткан сүрөттөрдү да  көрсөтөлү деп даярдап койдук-деп Сыймык да бизге аралашты.

-Азаматсыңар, ырахмат силердин мен үчүн көргөн камкордугуңарга-деп эжемдин абдан тартиптүү, акылдуу балдарына ыраазы болдум.  Ушул кезде Кымбат эже да келип,

-Кана чайга кара, балдарым, эжеңерди эриктирген жоксуңарбы, Акылай кызым чайдан ысык-ысык куй-деп күйпөлөктөдү.

-Апа!  Кел сен дагы отуруп эже менен бирге чай ичип ал, тамакты Ардак байкем экөөбүз бышырабыз-деп Акылай чайын куюп, Ардак экөө чыгып кетишти.

Кымбат эжем атына заты жарашып чынында эле кымбат сезилди мага. Жумушта ар кандай себептерден чай-чамалек уюштуруп калганыбызда үй-бүлөсү жөнүндө  айтып калчу. Жолдошу тууралуу ар дайым «биздин атабыз»- деп сүйлөөр эле. Мен үй бүлөлүү болгон кандай жакшы деп кызыгып гана калчумун. Бүгүн  өз көзүм менен көрүп  Сыймык менен Ардактай уулдуу, Акылай менен Ажардай кыздуу болгум келди. Сыйдын төбөсүндө отурганыма, эжемдин мага кылган мамилесине, жолдошуна болгон урматына жана балдарынын ыймандуулугуна, адептүүлүгүнө  жүрөгүм жибип, көңүлүм көтөрүлүп турду.

Ал аңгыча сырттан машиненин күрүлдөгөн үнү  угулуп калды. Ажар:

-Атам келди, атам келди - деп чымын- куюн болуп чуркап жөнөдү. Кымбат эжем да:

-Отура тур, мен азыр. Атабыз келди,  тосуп келейин-деп жүзүнөн сүйүнүчтүн оту жанып балдарынын артынан чыгып кетти.

Ар бир күн бул үй-бүлөдө ушундай болооруна бөркүмдөй ишенип турдум. Күйөөсүн сүйүнүч менен тосуп алган аял кандай бактылуу деп суктанып да турдум. Мындай үй-бүлөнү күтүүгө  балким талант керектир дедим. Менде ушундай талант барбы? - деп күмөн санап турдум. Менин мүнөзүм мындай эмес-дедим. Кымбат эже үй-бүлөсүнө берилген аял, мен андай бериле аламбы белгисиз  эле…

-Мына, биздин атабыз да келди. Таанышып алгыла. Биздин келишимдүү, сымбаттуу, эң барктуу атабыз, аты Самат…

Турган жеримде катып, көргөн көзүмө ишенбей турдум. Мындай күтүүсүз кездешүү болоруна үч уктасам түшүмө кирген эмес. Өз атымды айтып ордума отуруу оюмда турса да, анте албадым. Бүткөн боюм калтырап, өзүмдү же үй-бүлөсүн өтө сыйлаган эжемди аярымды же жек көрөрүмдү билбей турдум.

Мындан үч жыл мурун болсо керек. Турмушка чыкпаганымдан уламбы, акыркы жылдары жуучулар абдан көп эле. Өзүмдүн бир туугандарым да -Муну менен таанышсаң, Аны менен таанышсаң, балким турмуш куруп кетесиңер, деп ортомчу болуп калышчу. Кесиптештерим да, кошуналарым да, тааныштарым да, деги ким болбосун ушул маселени көбүрөөк көтөрүп калышты. Аялы менен ажырашкан, аялы каза болуп калган, түрдүү тагдырга туш болгон күйөөлөр таанышууга келип жатышты. Айрымдарына таарынсам, айрымдарына күлкүм келип жүрдү. Күндөрдүн биринде классташым жумушума шашылыш керек эле деген телефон чалыптыр. Иштин көптүгүнөн улам кийинкиге калтырып койдум. Эртеси телефон чалып сен үчүн жакшы жаңылыгым бар эле эмнеге чалбайсың, деп безеленип калды.

-Деги тынчылыкпы? - дедим, анын толкунданган үнүн угуп.

-Тынчылык эле, бирок телефондон айта албайм, баланча кафеге түшкү тамак учурунда келип кал, келбесең аябай таарынам, жумуштун түбүнө жетесиңби-деп намысыма тийип сүйлөдү. Зарыл иштеримди жылдырып бир саатка эле бараарымды түшүндүрүп, узакка кармап, алагды кылбоосун алдын ала сурандым. Эмне маселе экендигин жүрөгүм сезип турду.

Болжогон убакка беш мүнөт калганда бардым. Классташым кафеде дасторконун камдап күтүп отуруптур. Учурашып,- эмне үчүн мынча чачылып жатасың, сени толкундаткан кандай маселе болуп кетти- деп тамаша чынга аралаштыра суроо узаттым.

-Ох, келбей калабы? - деп тынчсызданып жаттым эле, ырас болбодубу, кел, төргө өт.

-Дагы эмне болуп кетти? Аябай бушайман болуп турасың го? Деги толкундооңдун себебин сезип турам, Ал ким? - деп жүрөгүмдүн тереңинен кимиси менен тааныштырганы жатат деген сезимимди билдирдим.

-Койсоң эй, көзүң ачыла баштаганбы? Анын чын болсо тамактаналы. Ошол учурда айтып берем деп колуна телефонун алып, тез тамгаларды тере баштады, СМС жазды. Ал жайды сурашканыбызча эле тышкан узун бойлуу, келбетүү адам кирип келип, абдан сылык учурашып калды.

- Таанышып алгыла, Менин жакшы таанышым…

- Абдан кубанычтамын.

Ал өзүнүн турмушу тууралуу  айтып берди. Аялы аракка аябай берилип кетип, аябай азап тартып, балдары жок болгондуктан  ажырашып кетишиптир. Жакында башка  шаарга жумушу боюнча которулуп кетет экен. Кайрадан үй бүлө- куруу негизги милдети экендигин билдирди.

Ар кимдин мага жуучу болгонунан кээде ылайыгы келсе турмушка чыгып алсамбы деп ойлочумун.  Балким көз жумуп ушул адам менен турмуш курсамбы, мага идеалдуу адам жолугаарын качанга чейин күтүп жүрөм деп да түйшүктөндүм. Бир чети классташыма жиним келип турду, балким ушул менин бактымбы деп ойлоп, мага убакыт бергиле,  ойлонуп көрөйүн- деп коштоштук.

Классташым бир аз толкундоосу басылгандай:

-Ии, ушундай десең, жакшы бар эми, телефон чаласыңда, -деп ордунда калды.

Мурда келген жуучуларга, ал акыбалды сурашкандан кийин эле, жакшы калгыла деп кетип калчумун. Алар менден - Ойлонуп көрдүңбү деп, менин чечкиндүү мүнөзүмдөн  сурай албай үмүтсүз эле калып калышчу.

Ишимден жогорулатуу тууралуу приказды угуп ушул шаарга, жаңы жумушка келип калдым. Бул кызмат менен ак эмгегимдин үзүрү эле. Жаңы коллектив менен көнүшүү бир аз оор болду. Ал жактагы талап да баштагыдан айырмалуу. Ар бир иштин өз түйшүгү бар дегендей, алар менен алек болуп жүрүп, анын үстүнө башка шаарга кетип калгандан кийин классташымдын  таанышынын сунушу да ишке ашпай калды.

Ошентип күндөр өтө берди. Жаңы жумушумдан жакшы ийгиликтерге жетиштим. Кымбат эжемдин жардамы да тийди. Мен да анын адамкерчилигин жогору баалап, өз жардамымды берип жүрдүм, иштеген эмгегин баалап, адам катары сыйлап жүрдүм.

Эч оюмда жок ушул күн менин өмүрүмдөгү өзүмдү да, эркек аттууну да жек көргөн күн болду. Кымбат эженин келбетүү деген, эң барктуу деген, эң кымбат деген, ардактап астынан сүйүнүп тосуп чыккан күйөөсү, аялым аракка берилип кетти деген күйөөсү, биринен бири сылык, биринен бири акылдуу, биринен бири ыймандуу балдарын жок деген Самат маңдайымда турду. Ичиркенип, денемди калтырак басып турду. Күйөөсүн ардактап сүйгөн аялдын ишеничи эмнеде болду экен дедим. Аны аяп турдум. Балдарына боорум ооруду. Класcташ кызым жакшы таанышын анчейин билбейтко. Мен мындай сыноону көтөрө алат белем…

**Кездешүү**

Адам өз жашоосунда түркүн окуяларды башынан кечирет экен. Менин башымдан өткөн окуя да балким бирөөлөр үчүн жөн гана катардагы окуядай эле сезилиши мүмкүн. Ал мен үчүн …

Анда жаш кезим. Жогорку окуу жайын жаңы эле бүтүрүп, жумуш издеп, бирок айлык акысы төмөн жумушка иштегим келген жок. Себеби мен бир үй-бүлөнүн улуусумун. Менден кийинки инилерим студенттер, ата-энем да жумушсуз, караганыбыз бир аз малыбыз анан отуз сотых жерге картошка айдайбыз. Ата-энеме жардам берүү максатында базарга чыктым. Аптаптуу ысыкка, ызгарлуу кышка карабай базардын адамы болуп калдым. Ошол күндөрдүн биринде, ар дайым менден соода кылган кардар менен таанышып калдым. Жогорку окуу жайларынын биринде окутуучу болуп иштейт экен. Биз таанышкандан кийин ал базарга күнүгө келчү болду. Бир күнү «чарчагандырсың эс алып келели»- деп концертке чакырды. Андан чыгып кафеге бардык. Ошентип бири-бирибизге абдан жакын болуп кеттик. Байыш ачык айрым, тамашакөй жигит болчу. Кээ күндөрү карызга акча сурап кетип, убадалаган күнү кайтарып берип жүрдү.

Үзүрлүү эмгегимдин натыйжасында базарга контейнер койдурууга жетиштим. Үй алдым, машина алууга да үлгүрдүм. Ата-энеме жардам

берип, инилеримди окуттум. Апам эле «кызым теңинди таап кетсең, тынч уктайт элем» - дей берчү болду.

Байыш экөөбүздүн мамилебиз мени ансыз жашоого мүмкүн эмес абалга жеткиргенби? Аны көргүм келип, узак убакытка келбей калса сагынып калчу болдум. Ал кандидаттык диссертациямды жактап алайын анан үй бүлө курууну ойлоп жүрөм деген. Акыркы күндөрү колум бошобой жатат-деп көп келбей калды. Бир күнү келип, «мага баланча суммада акча керек, кайрылышып тур, жакында коргоого чыгам, келгенде кайтарып берем» - деди. Албетте мындай сумма менде бар болчу, Анын келгенине абдан сүйүндүм. Эч шылтоосу жок кечинде үйдөн алып берейин, анча акчаны базарга алып келген жокмун-деп өзүмчө эле сүйүнөм. Ал макул болуп, кечкисин үйгө келмек болду. Базардан эрте чыгып, даамдуу тамак жасап, дасторкондун үстүн жайнатып, Байышты күтүп жаттым. Байыш күттүрбөй белгиленген убакыттан бир аз эрте келди. Экөөбүз отуруп тамак ичтик. Келечек тууралуу сүйлөшүүнү баштасам, Байыш табышмактуу ар нерселерди сүйлөп жатты. Аны кетиргим келген жок. Бирок менин эркиме коебу? Ал «үйдө жумуштарым бар, жаза турган кагаздарым бар эле» - деп шашып, акчаны алып 2-3 айдын ичинде кайтарып берем деп үйүнө кетти. «Мейли диссертациясын коргоп алса, анан… Кайда шашабыз үйүбүз деги бар, биздикинде жашай беребиз»- деп жакшы ойлордун кучагында көпкө чейин уктай албай жаттым.

Бир күнү базарда жүрсөм, Байыштын таанышы кезигип, ал-жайды сурашканыбызча: - Уктуңбу? Байыш илимий ишин коргоп, илимдер академиясына жумушка которулуп кетти-деп акыркы жаңылыгын айта баштады - Жакында үйлөнөм деп жаткан, сени менен байланышып атабы?- деп үстөккө-босток суроолорду берип жатты. Менин жооп берүүгө мүмкүнчүлүгүм жеткен жок. Жүрөгүм уйгу-туйгу болуп, өзүмдү коерго жер таппай жаттым. Кардарлардын суроолоруна да жооп бере албай жардамчы кызыма соода кыла бер деп чыгып кеттим.

Убакыт өтө берди. Иним үйлөнүп, бир иним жумушка орношуп, туугандарыбыздын кыздары турмушка чыгып, той-топурлар көп болуп, анын ортосунда атам ооруп, ооруканага жаткырып, кыскасы ушундай жашообуздун түйшүгү менен жүргөн күндөрдүн биринде университетте окуган сиңдим келип:

--Эже, Сиз ушунча ишенчээксиз, Байышыңыз үйлөнүптүр, той болгонуна бир ай болуптур. Менин курбу кызымдын таэжеси аны менен чогуу иштечү экен. Ал айтты, болгондо да свадьба менен бир ресторанда той бериптир, - калганын уккан жокмун. –Ал мени алам деген эмес-деп сиңдимдин албуутанып айтып жатканын токтотууга аракет кылдым.

-Капырай, Эже аны көргөндө жасап жаткан жумушуңузду таштап, эс учуңузду жоготчу элеңиз го, мени алдайм деп ойлобоңуз, ага болгон акчаңызды берип, Баса, баягы акчаңызды кайтарып берди беле?

- Ал сенин ишиң эмес, акча да сеники эмес, эмне кыл деген турасың?

-Эже, эмне деп атканыңызды талдап көрүңүзчү, сиз ал акчаны эмгек менен тапкансыз.

-Аман болсо кайтарып берет, ал дагы эмгектенип жатса керек.

-Кайдан? “пышный свадьба” берди деп атышпайбы, биринчи карызын берип анан…

-Ушул жерден токтобосоң, мага таарынба- бүт денем титиреп, өзүмдү кармануууга зордоп жаттым. Башым ооруп, көзүм ала-чакмак.

Бул күн менен баары бүтүп калган жок. Менин да маңдайыма жазганы бар экен. Мектептен бери мени жактырып жүргөн балага турмушка чыктым. Аймончоктой кыздуу болдук. Апам эле, «жашың өтүп баратат, удаа-удаа эле төрө» деп атып, кийинки жылы уулдуу болдук. Жашоо турмуш өз нугунда өтө берет экен. Байыштан кабар жок. Кызык, алган акчаны берип койбойбу.

Ошентип кызым да бойго жетип, жогорку окуу жайлардын биринде окуп жаткан. Күндөрдүн биринде эле «жигитим менен тааныштырайын» деп калды, Мен сен окушуң керек, турмушка чыкканга үлгүрөсүң деп улам кийинкиге жылдырып аттым. Бир күнү «Апа, жигитим мага турмушка чык, алдын ала ата-энелерибиз менен таанышалы» - деп жанымды койбой жатат,- а сен качан макул болосуң?

Атасы экөөбүз кеңешип, кызыбыз бойго жетип калды, эгер ылайыгы келсе турмушка бере берели деп макулдашып:

-Кызым, кана айтчы. Келечекте турмуш кура турган жигитиң, ким деген бала, кимдин баласы, окуйбу, иштейби, тектүү жерденби дегендей?- Кызым жүзүнө күлкү аралап, толкунданып жатты.

-Ал Бишкекте жашайт. Жогорку окуу жайынын акыркы курсунда окуйт. Абдан талантуу, жакшы ырдайт. Чечкиндүү, тың адам. Кызым жигитин абдан мактады.

Жалгыз кызым болгондуктан «алыс кетпе, жакын жерге эле кет» - деп менин апам айта берчү, анын да айтканында калет жок эле. Менин бул оюмду кызым окугандай: -Апа ал биздин эле көлдө чоңойгон. Чоң атасыныкына каникулда келип, экөөбүз көлдөн таанышканбыз. Атасы пенсияга чыкканда көлгө көчүп келишет экен. Уулум:

- «Эже эң негизгиси сенин баркыңа жетиши керек, сени сыйлашы керек. Анын кудурети жетеби?» - деп бизге кошулду.

-Албетте, мен ага турмушка чыгайын деп чечтим.

Атасы экөөбүз кызыбыздын жигити менен таанышуу сунушуна макул болдук. Кызым эртеси эле жигитин үйгө ээрчитип келейин деген го, жигити ата-энеси менен шаардагы бир кафеден кезигип таанышалы дептир. Бул чечим да бизди толкунтантты. Айрыкча менин денемди калтырак басып, жүрөгүм алып учуп турду. Болжогон күн келип болочок күйөө бала, кудаларыбыз менен кездешүүгө бара жаттык. Жолдошум абдан токтоо кабыл алып эч нерсесин билгизбейт. Мен үчүн алдыбыз туман…

Ошентип, шаарга жетип, бизди күткөн жерге бардык.

Кудагыйыбыз окшойт?

–Келгиле, келгиле, жогору өткүлө - деп жаны алы калбай кудум эле куда тосуп жаткан таризде. - Кызым кандай абалда? Деги бактылуу болсо экен. Күйөө балабыз ыймандуу болсо экен деп кобуранып эле атам, Жолдошум улам мени карап: «Бакшы болуп кетпесең экен. Сабыр кыл, температураң көтөрүлгөн жокпу?-деп тамашалап коет.

Кафеге кирип, даярдалган орундуктарга отуруп:

-Күйөө бала кана? - деп шашма жаным суроо узаттым, жолдошум мени акырайып карап койду. Болочоктогу кудагыйыбыз, алжайыбызды сурап, мен өңдүү шашкалактап:

-Азыр келишет, ата-эне  бала үчүн баарына даяр турбайбы. Балабыздын бактысы биз үчүн кымбат - кудагыйбыз ары басып болочок күйөө балабыз менен анын атасы Байышты чакырып калды.  Мына кызык ушундай күтүүсүз кездешүү болоорун мен сезгем. Байыш чачына бир аз ак аралаганы болбосо жаш кезиндегидей эле экен. Менин ага болгон сезимим балким ичимде  калгандыр, ал эми 2-3 айдан кийин алып келем деген убадасычы? А балким кайра барсам кармап калат дедиби? Билбейм… Эми эмне кылдык, кызыма, жолдошума, сиңдиме эмне деп айтам???

## Айылдагы той

Жаны жылдын эртеси эртең менен катуу уйкудан жаны эле ойгонуп, ушаланып тура албай жатсам эшик тыкылдады. Таң атпай ким болду экен деп эшикти ачсам айылдагы эжелерибиздин небереси экен.

-Жаңы жылыңыз менен!-деди ал эшикти ачаарым менен.

-Аа, рахмат, сен белең, кел, тынччылыкпы, таң атпай кайдан?-деп безелене суроо артынан суроо узаттым.

- Үйдөн эле, Энем силерди бүгүн саат үчкө тойго чакырып жатат.

-Жакшы, эмне болгон той экен?

-Мен үйлөндүм-деп уялып жер карады...

-Анан сени чакырыкка жиберип коюштубу?

Балама машине айдатып алып, кыргызча саат беште тойго бардык. Эл жаңыдан гана чогулуп жаткан экен. Бирок элдин көбү ала күү болуп калышыптыр. Кечээ жаңы жылды тосушса, эртеден бери баш жазып жатышса керек. Үйгө кирип жылуу орунга отуруп бир чыныдан чай келгенден кийин эле эжемдин кичүү баласы Бакеш,

-Инибиз үйлөнүп, кубанчыбыз койнубузга батпай турган чагыбыз, нандан ооз тийген болсоңор, мындан куяйын деп бир колунда бөтөлкө. Төрдөгүлөр ошону эле күтүп тургандай:

-Мейлиң, той эмеспи, куйсаң куй-дешти.

-Эне-ов, кимге тост берели-деп Бакеш шашкалактайт.

Төрдөгү кемпирлердин эң улуусу окшойт.- Гүлжамал жеңе бер балам- деп жеңемдин да көңүлү жайдары. Чай артынан чай келгендей эле тост артынан тост келип атты. Тойго жеңем экөөбүз бардык эле, ал да ичи ысыгандан кийин, -Бул айылдын атаманы Акин эже көрүнбөйт ко?-деп калды. Ары жакта отуруп айылдагы жаңылыкты, тагыраак айтканда жаңы жылды ким кайда тосконун, эмне тамак жеп, кандай арак, шампан ичкенин кудум өзү күбө болуп көрүп келгендей саймедиреп отурган Сайрагүл:-Алар келининин ата-энеси жаңы жылдык чайды ичсин деп чакырып кеткенин, саат алтыларга келип калаарын айтты.

Бизге окшоп кечиккендер, арты артынан келип атышты. Улам төрдөн орун бошотуп атып, босого жакка жылып калдык. Бир маалда баягы жеңем сурап жаткан Акин эжебиз келди. Чынында эле айылдын “атаманы” белем, отургандардын дээрлик баары ордуларынан туруп, ден-соолугун сурап, жаңы жылы менен куттуктап беттеринен өөп, эмнегедир жагаалдангандай таасир калтырышты. Акин эжебиз да баарынын саламын алып, куттуктоолоруна да жакшы жооп берип жатты. Тойдун шааниси эми көркүнө чыкты окшойт. Баягы эки-экиден отуруп ушакташкан аялдар эми баары Акин эженин оозун карагандай. Акин эжебиз ачык айрым, тамашакөй аял экен. Ичинде жакшы эле бар, анысы жанын бир жерге койбой ар кимди карай суроо узатат. Отургандардан экөөбүз эле стакан кармабай турганыбызды билди окшойт, бизди кытмыр көзү менен карайт. Күтө тургула анан силерди да ичирем дегендей. Жеңеме суроо узатып, -Түптүн кайсы жеринен келиниңиз?- Жеңем укпай калды окшойт, бирок бул суроо эртеден бери берилип жаткандыктан:- Аа, тиги Күрмөнтүдөн алдык- деп калды, анткен менен келиндин кайдан экендигин баары эле уккан, кантип алып келишкенин, ким аркылуу таанышып келгенин баары эле билишет ошентсе да жеңемдин өз оозунан угууну каалаштыбы баары ушундай суроо узатышкан. Ушул маалда Бакеш келип, -Эне-ов, кана кимге тост берели, бул жактагылар тынч болуп отуруп калышыптыр, тиги үйдөгүлөр ыр кесе башташты-деди эле –Жеңем да шашып Акинге берели-

деди. Ага чейин эле келишкен, улуу байбичелер бул жакта эле калышты. Же Акин эже бар жерде алар кийин айтышабы, айтор унчугушкан жок.

Оо, Акин эжем ордунан туруп, тамагын  кыра оңдоп, - Жеңе!- деген коңур үн угулганда эле ызылдап аткан аялдар тынчтана түштү. -Уул-келиңиз, бактылуу болсун, кармашкан колдору бекем болуп, эки жакка тең караган, ыймандуу жаштардан болсун!- ар дайым эле айтылып жүргөн тост, бирок -ушундай сонун тост- деп аялдар кол чаап жиберишти. Мен гана кол чаппай калган окшойм, мага тостое карап, көзүн эки жолу ымдап кысып койду. Анысын мен түшүнгөн эмесмин. Түшүнгөндөр өлдүң го байкуш дешкен экен. Эл жапырт Акин эжени колдоп алып жиберишти. Биз жакты Акин эжем дагы көздүн кыйыгы менен карап койду. –Эми закүскөсүнө ырдап берейин-деди.

Тектир, тектир, тектир саз ай,

Тебишип ойнойт өрдөк каз.

Теңтушту теңтуш сагынса

Тегеренет экен, ай көздөн жаш,-элдин баары кол чаап, босогодо отурган өкүл ата болуп шайланган Урмат аттуу жигит Акин эженин колунан тартып бийлеп, үйдүн ичи шаңга бөлөндү. Жанымда отурган жеңем: -Карачы чимириле бийлеп  жатканын, жашы бир жетимишке барып калды, мен билгени соо кезин көрө элекмин-деп мага шыбырап жатканын Акин эжем туюп калдыбы, же жөн эле карадыбы, айтор бир сырдуу көз карашын салып өттү. Ырдаган ыры аяктап калганда- Бакеш, музыку в студию -дегенде эл кыраан каткырык менен күлүштү.  Бакеш  колундагы бөтөлкөсүн  көрсөтүп, -Эми бирден алалы, анан сыртка чыгып бийлейли-дегенине баары макул болушту. Акин эжем отурбастан кара жорго барбы?-деп музыкасы жок эле  дасторкон үстүндө бийлей баштады.  Жыгылып калбаса экен-деп тынчсызданып аттым. Жыгылчы түрү жок, аны коштоп башка кемпирлер да кыйшалактап бийлей башташты.

Кыштын ызгаарында сыртка бийге чыгып кетишти.  Кийинки кезек келиндерге келди. Эжемдин мени менен тең кызы  келин отурган бөлмөгө киришибизди суранды. Же сыртка чыкпагандыктан алар отурган бөлмөгө кирдик. Жапжаш келиндер орун бошотуп төр жакка өткөзүштү. Алар Хюррем  Султанды талкуулап жатышкан экен. Бир келин базарга “хюррем” деген жоолук чыгып, аны күйөөсү жаңы жылга белек кылганын

айтып, тойго чыгып атканда баласын үйүнө чоңураак кыздарга таштап, ээрчибесин, деп көрүнбөй качып кетип жатып жоолукту салынууну унутуп калганын айтып мактанып жаткан экен. Татынакай дагы бир жаш келин кичинекей баласынын кылыгын айтып калды. Дагы бири мектепке барып балдардын балаты майрамы бүткөндөн кийин өзү айткандай “дальше-больше” болгонун саймедиреп отурду. Менин таң калганым ушул мөлтүрөгөн жаш келиндердин алдыларында турган кичинекей стакандар болду. Демек булар да тигинден алып, тост сүйлөп жатышкан экен да деп оюмду жыйынтыктаганча Бакеш бөтөлкөсүн көтөрүп келип калды. Мына сага дедим ичимден. -Ой кыздар, эмне силер томсоруп, келгиле алалы, кана тост кимге келди эле- деп эңкейип куя баштады. Бурчта отурган кара тору келин дасторкондогу стаканын алып,-меники свети башкачасы эле- деди. Ал вино ичип аткан экен. Бакеш: -Урмат, алып кел винодон- деди эле узун бут тартайган өкүл ата бир топ кызып калган экен, ордунан араң туруп, бирок тез эле виносун алып келе калды. Бул бөлмөдө “атаман” жок окшойт же баралына жете элекпи, улуулаштырып тост берип жаткан экен. Баягы вино ичкен кара тору келин тост сүйлөп, алдырып калды. Мен эсим ооп карап калдым. Жаш келиндер биринин артынан бири шыңгыта жутуп жатышты, босогодого отурган биздин тууганыбыздын келини гана бир аз тартынып оозуна тийгизип дастарконго кайра койду эле, баары ага жабылып: -Ой, Гүлзат, эмне болду сага, ал калтырбай- деп жаалап калышты. Ал келин албай турганын билдирип, ордунан шаша-буша туруп сыртка чыгып кетти. Буга да рахмат деп ичимден бир аз ыраазы болдум.

Сыртагылар үйгө кирип эт тартчу маал болуп калды. Мени өзүбүз отурган бөлмөгө чакырып калышты. Баары кызуу биринин сөзүн бири укпай кемпир кезектин баары дуулдашат. Бирөө бир сөз айтса баары каткырып күлүшөт. Эмне жөнүндө айтканын деле түшүнбөгөн сыяктуу. Баарыбыз ордубузду таап алдыбызга кыргыздын сыйлуу тамагы эт тартылып, беш бармакка кол салынып калган кезде сырттан үч келин киришти. Бири баягы айылды түп көтөрө сапырып билген Сайрагүл, бири “хюррем” жоолугун үйүнө барып салынып келе калган жаш келин, бири биздин Гүлзат келин. Колдорунда патнус табакта курүч. Ортосуна бир шампан коюп алышкан. Сайрагүлдүн колунда чоң депкир, башына грилянд байлап алган. Алардын максаты бул айылдагы келиндер улам кийинки келиндерге айылдагы той- топурда казан башында туруп күрүч басуу милдетин тапшырып эстафетаны өткөрүү экен. Сайрагүл жеңебиз он

жылдай казан башы болуп, эми жашы өтүп төргө отурчу кези келип, айылга андан да тың келиндер келишип, ал жеңесин пенсияга чыгарып, эстафетаны өздөрүнө алуу шаанисин жасап жаткандыгын “хюррем” жоолукчан келин саймедиреп турду. Гүлзат келин да тартынымыш болгону менен сырттан тойгузуп коюшканбы, айтор колундагы патнус кыйшайып ичиндеги күрүч менин жанымда отурган өкүл эненин койнуна түшүп, мойнунан ашканы жерге түшө баштады. Өкүл эне да кызып калганбы эч нерсе сезбей эле отурду. Мен чыйпылыктап Гүлзаттын колун оңдоп калдым эле, кайдан да келдиң эле аппетитти бузуп дегенсип, колун түздөмүш болду. Сайрагүл он жыл бою айылга кызмат кылып элдин батасын алганын жаштарга эми насаатчы гана болоорун айтып тимеле бир чоң жумушту өткөрүп жаткандай көңүлү жайдары, Эстафетаны алып жаткан келин мындан аркы кызматы үчүн ант бергендей эле киришип, элдин батасын суроого даярданып ар кимдин эле алдына келип, -Мени өөп коюңузчу-дейт. Сайрагүл депкирди тиги келинге берип, ал келин колуна алгандан кийин элдин алдына туруп, тост сүйлөп коюну өтүнүп, элдер депкирди берип жатканда беш бармакка салынган май колдору менен шакылдата алакан чаап, биз тимеле бекер кино көргөндөй ыракатка баттык. Бакештин колунан арагы түшпөй дагы тост аягы чыга элек. Өкүл ата менен өкүл эне балдарын жууп, экөө тең буттарына тура албай калса да балдарынын бактылуу болушун тилеп, бир тамчысын калтырбай алуусун суранып турушту. Арак суудай агып жатты.

Тойдо эт бергенден кийин ар ким үйүнө кетүүгө камынышчу эле. Менден башкасы баары эле кетчү түрлөрү жок. Акырын төрдөгүлөргө көз жүгүртсөм кемпирлердин көбү өз аттарын унутуп калышкандай. Акин эжени карасам, мени жакшы эле атайын деди эле бирок көзүнүн огу мокоп калыптыр. Сырттан Бакеш келип, бата кылынса эле бийге чыгалы анан кайра кирип чай ичели деген сунуш менен колундагы бөтөлкөсүн куя баштады, “отказ” жок, куй эле куй деген элдер жашаган айыл шаардан бир топ алыс болсо да арак кайдан келип атканы таң калтырды. Баардык той ушундай өтсө тукум курут болобузбу дедим.

Балам сыртка чыгып алган экен. Улам-улам смс жазып кетели деп шаштырып турду, жеңемди бир кемпир,- жакшы сөзүңдү айтып кет- деп эле кое бербей жатат, мени карап азыр демиш болот.

Бата кылсак деп эжеме шыбырайм. Эжем элди тынчыта албай убара, анын үйүнө келген конокторго кантип катуу айтам деп кыжаалат болуп турду. -Силер шашпай отургула, биз тура берели-деп ар ким өз алдынча бата кылып туруп кеттик. Жолдо ар кимибиз өз ойлорубуз менен алпурушуп, эч  унчукпай  келе жаттык, бирок  баламдын жүзүнөн, бул той дагы канчага уланат болду экен?  экинчи мындай тойго келбей эле коелучу дегендей жазууну окуп турдум...

Мазмуну


Чыгармачыл сапарың байсалдуу болсун............................................3
Апама кат.........................................................................................4
Балта чабылып бараткан тагдырлар..................................................4
Чоң энем...........................................................................................5
Тун сүйүүнүн арманы.......................................................................8
Алданган сезим................................................................................11
Күтүүсүз кездешүү...........................................................................14
Кездешүү..........................................................................................19
Айылдагы той...................................................................................23




Сайпидинова Назгүл Эшимовна

1974-жылы Нарын областынын Жумгал районуна караштуу Лама айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1996-жылы Ж.Баласагын атындагы КУУнун журналистика жана адабий ишмердүүлүк факультетин аяктаган. Учурда К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасында улук окутуучу болуп эмгектенет. Филология илимдеринин кандидаты. Үй-бүлөлүү, эки уул бир кыздын энеси.

Сайпидинова Н.

Алданган сезим

Тех.редактор: Жакыпова Ч.А.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун
полиграфиялык комплексинде басылды
Заказ Нускасы 100
Тел.: 52696